Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№ 35 [17031] ИШЕМБИ, 14/11/2026

## Жаратылыш – тынымсыз аракеттин натыйжасында корголот!



4-5-беттерде

## Ден соолукту чыңдоо - саламаттыкка өбөлгө




8-бетте

## КАРА-ШОРОДО ЖОЛ, БОЛЬШЕВИКТЕ СПОРТ АЯНТЫ КУРУЛДУ



6-бетте

## Спортту өнүктүрүү жана жайылтуу зарыл



3-бетте

## КӨРКӨМ ӨНӨР ЖАНА КӨӨНӨРГҮС МУРАС



2-бетте

Кабар

# “Аял, үй-бүлө – улуттун уңгусу жана тиреги” форуму

**Ошто «Аял, үй-бүлө – улуттун уңгусу жана тиреги” аталышындагы облустук аялдар форуму болуп өттү. Ага КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев, КР Жогорку Кеңешинин вице-спикери Жылдыз Таалайбек кызы, КР Жогорку Кеңешинин депутаты Гүлай Машрапова, Ош облусундагы Аялдар кеңешинин төрайымы, Үй -бүлө жана аялдар иштери боюнча облустук комиссиянын төрайымы Анара Капарова, облустагы райондук мамлекеттик администрацияларынын башчылары-акимдеринин орун басарлары, райондук Аялдар кеңештеринин өкүлдөрү, Баатыр энелер, лидер айымдар, ишкер айымдар, облустагы мекеме- ишканаларында эмгектенген айымдар жана башка тиешелүү өкүлдөр, ЖМК өкүлдөрү катышышты.**

Иш- чарада КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев сөз сүйлөп, аялдардын коомдогу жана үй -бүлөдөгү орду, мамлекет тарабынан, анын ичинде Ош облусунда аялдарга көрүлгөн камкордуктар, аялдардын укуктарын коргоо тууралуу айтып, келечек үчүн дагы да жакшы чараларды ишке ашырып, аялдарга колдоо көрсөтүүнү күчөтүү керектигин билдирди.

Андан соң, КР Жогорку Кеңешинин вице-спикери Жылдыз Таалайбек кызы сөз сүйлөп, аялдарга көрүлгөн колдоолор жана бүгүнкү күндөгү аялдар боюнча айрым маселелерге токтолду. ЖКда учурда депутаттардын жалпы санынан 31и аял депутаттар экендигин айтып, өлкөбүздөгү демократиялуу көз караш туура деп белгиледи.






КР Жогорку Кеңешинин вице-спикери Жылдыз Таалайбек кызы Ош облусундагы Аялдар кеңешинин төрайымы, Үй -бүлө жана аялдар иштери боюнча облустук комиссиянын төрайымы Анара Капаровага колдоо катары акчалай жардам сертификатын тапшырды.

КР ЖК депутаты Гүлай Машрапова форумда сөз сүйлөп аялдардын коомдогу орду, социалдык камкордуктар, энелерге көрүлгөн колдоолор боюнча пикирлерин айтты.

Форумдун жүрүшүндө “Айымдар ишкердиги -экономиканын негизи”, “Үй -бүлөлүк баалуулуктар жана заманбап коомдогу аялдардын ролу:Учурдун актуалдуу жана көйгөйлүү маселелери” темаларында панелдик сессиялар уюштурулду. Анда ийгиликке жетүү жолдору, ишкердик аракеттери, учурдагы абал жана келечекке карай жол, сунуштар тууралуу баяндамалар жасалды. Ошондой эле тарбия жана зомбулуксуз чөйрө, саламаттыкты сактоо жана руханий өнүгүү, ысырапкерчилик жана үрп -адаттар, көйгөйлөр жана алардын алдын алуу жөнүндө айтылды.

Соңунда форумдун Резолюциясы кабыл алынды.

Форумдун жүрүшүндө алдыңкы айымдарга сыйлыктар тапшырылды жана чакан концерттик программа тартууланды.

**К.Кыдыралиева.**

Маданият

# КӨРКӨМ ӨНӨР ЖАНА КӨӨНӨРГҮС МУРАС

Кыргыз этносунун кайра жаралышы жана бүгүнкү күнгө чейин сакталышы жөнүндө сөз кылабыз. Кыргыз элинин тарыхы — бул тоо менен талаанын, боз үй менен комуздун, ак калпак менен шырдактын, Манас айтуучу менен уз-чебердин тарыхы. Кылымдар алмашса да, кыргыздын өзөгүн сактап келген күч — анын тили, салты, көркөм өнөрү жана мураска болгон урматы. Элдин маданий жүзү күнүмдүк жашоодо, үйдүн жасалгасында, кийимдин үлгүсүндө, күү менен ырда, бата менен макалда көрүнүп келген. Кыргыз этносунун өзгөчөлүгү бир гана кийимде же буюмда эмес, элдин дүйнө таанымында даана көрүнөт. Көчмөн турмушта ар бир буюм жөн гана колдонмо нерсе болбой, үй-бүлөнүн, уруунун, конок күтүү адебинин жана табият менен таттуу жашоонун белгиси болгон. Ошондуктан кыргыздын боз үйү турак жай гана эмес, дүйнөнүн кичи модели катары кабыл алынган. Анын түндүгү асманды, кереге си коомдун биримдигин, ал эми очогу үйдүн жылуулугун билдирип келген.

Кыргыздын көркөм өнөрү элдин эстутумунун тирүү тили сыяктуу. Кийизчилик, сайма, оймо-чийме, жыгаччылык, зергерчилик, өрмөчүлүк, теричилик жана музыкалык аспап жасоо өнөрү муундан муунга оозеки үйрөтүү, бирге иштөө жана устат-шакирт жолу менен өтүп келген. Бул өнөрлөрдө элдин табиятка болгон мамилеси, сулуулукка болгон табити жана турмуштук тажрыйбасы сакталган. Шырдактагы кочкор мүйүз, тумар, куш канат сыяктуу оймолор жөн гана кооздук эмес, береке, коргоо, туруктуулук жана ынтымак тууралуу түшүнүктөрдүн көркөм белгиси болуп эсептелет.

Куракчылык да кыргыз элинин өзгөчө баалуу мурастарынын бири. Кыргыз аялдары кездеменин ар бир кесиндисин барктап, ар түрдүү өңдөрдү айкалыштырып, жууркан, төшөк, жаздык, туш кийиз жана балага арналган буюмдарды жасашкан. Курактагы майда бөлүктөр бириккенде бүтүн кооздук жаралары сыяктуу эле, бул өнөр элдин биримдик жөнүндөгү түшүнүгүн да чагылдырат. Кездемени ысырап кылбай пайдалануу эмгекти, сарамжалдуулукту жана үйдүн берекесин билдирсе, түстөрдүн шайкештиги аялдардын табитин, чебердигин жана ички дүйнөсүн көрсөтүп келген. Бүгүн курак үлгүлөрү заманбап кийимдерге, интерьер буюмдарына, сувенирлерге жана этно-дизайнга кирип, кайрадан жаңы дем алып жатат.

Кыргыз элинин руханий мурасын айтканда, «Манас» эпосу өзгөчө орунда турат. Бул улуу эпос элдин эркиндигин, намысын, биримдигин, акылмандыгын жана тарыхый эстутумун сактап келген кенч болуп саналат. Манасчылар аны кагазга карабай, эл алдында көркөм айтып, муундан муунга жеткирип келишкен. Бул салт кыргыз элинин сөзгө, эс тутумга жана руханий күчкө болгон ишенимин айгинелейт.

Боз үй, шырдак, ала кийиз, ак калпак, элечек, комуз, ооз комуз, курак буюмдары, зергерлердин билерик-шакектери, жыгач усталар жасаган ээр-токумдар жана оймолуу идиштер кыргыз элинин бүгүнкү күнгө чейин жеткен шедеврлери болуп саналат. Алар жөн гана буюм эмес, дооорлордон өткөн көркөм эстеликтер. Ар биринде элдин тарыхы, жашоо тартиби, кооздукка болгон табити жана руханий дүйнөсү сакталган. Боз үйдү жасоодо жыгач устанын, кийиз баскан уздун, өрмөк токугандын жана аны тиккен элдин биргелешкен эмгеги көрүнсө, шырдак менен ала кийизден үйдү жылытуу менен кошо көркөм табит, сабыр жана чоң тажрыйба байкалат. Ак калпак менен элечек улуттук сыймыкты, тазалыкты жана улуулукка болгон мамилени билдирет, ал эми үч кылдуу комуз элдин кубанычын да, кайгысын да, тарыхын да, жүрөктөгү сезимин да жеткире алган улуттук үн болуп келген.

Кыргыз маданияты музейде гана сакталган эстелик эмес, бүгүнкү күндө да күнүмдүк жашоого кайра аралашып жаткан тирүү



мурас. Улуттук кийимдердин заманбап үлгүлөрү, этно-фестивалдар, комуз жана ооз комуз үйрөткөн ийримдер, кол өнөрчүлөрдүн көргөзмөлөрү, курак жана кийиз боюнча мастер-класстар, мектептердеги маданий иш-чаралар мурастын жаңыча жашоосуна жол ачууда. Дизайнерлер улуттук оюмдарды жана курак үлгүлөрүн заманбап кийимдерге колдонуп, музыканттар комуздун үнүн жаңы аранжировкалар менен жеткирүүдө, ал эми усталар эски ыкмаларды жаңы буюмдарга ылайыктап жатышат. Ушунун баары кыргыз маданиятынын жашап жатканын жана жаңы муунга түшүнүктүү тилде жетип жатканын көрсөтөт.

Бул мурастын сакталышында үй-бүлөнүн ролу өзгөчө чоң. Энелер кыздарына сайма сайууну, кийиз басууну, курак курап буюм жасоону, конок күтүү адебин жана улууну урматтоону үйрөтүп келген. Аталар уулдарына уста иштерин, мал-жанга кам көрүүнү, элдик оюндарды, сөздүн наркын жана намысты сактоону көрсөтүшкөн. Ошентип, мурас китептен гана эмес, үйдөгү күнүмдүк тарбиядан, дасторкондогу бата менен каада-салттан да өтүп келген. Мамлекеттик мекемелер, мектептер, маданият үйлөрү, устаканалар, үй-бүлөлөр жана коомдук уюмдар бир багытта иш алып барганда гана көөнөргүс мурас ого бетер бекем сакталат.

Тил менен салт да ажырагыс байланышта жашайт. Оймонун аталышы, боз үйдүн бөлүктөрү, күүлөрдүн тарыхы, курактын түрлөрү, макал-лакаптар, баталар жана эпикалык саптар эне тил менен бирге өмүр сүрөт. Эгер тил унутулса, мурастын ички мааниси да солгундайт. Ошондуктан кыргыз тилин сактоо да маданиятты сактоонун маанилүү бөлүгү болуп саналат.

Кыргыз этносунун көркөм өнөрү — бул өткөн күндүн гана эстелиги эмес, бүгүнкү күндүн да тирүү деми. Ал ар бир шырдакта, ар бир курак жуурканда, ар бир комуз күүсүндө, ар бир ак калпакта, ар бир батада жана ар бир үй-бүлөлүк каадада жашап келет. Кылымдардан бери сакталып келген бул мурас келечек муунга таза, сыймыктуу жана маңыздуу түрдө жетиши үчүн аны үйрөнүп, колдонуп, урматтап жана улантуу ар бирибиздин милдетибиз болуп калат.

Улуттук көркөм кол-өнөрчүлүктө эзелки уздарда түстөрдүн мазмундуулугу менен маалым болгон. Көк түс ачык асманды, көк кашка көлдү, кызыл түс жалынды жана чубалжыган тоолорду туюнтат. Ал эми сары түс учу-кыйыры көз жеткис чөлдү билдирген. Мындай мааниси мааныздан улам кыргыз элинин дүйнө таанымына ылайык жаратылыштын сырларын чагылдыра билгендиги, жана чебердин ар бир оюм-чийим кынаттоолору анын өзүнүн орду, символикалык мааниси терендигинде турат. Аны чебер-уздар кез келген жерге кооздук үчүн пайдалана берген эмес. Кийимге оюм-чийим түшүрүүдө аялга жана эркекке тиешелүү оюмдар, жаш-балдарга жана улуу адамдарга тиешелүү оюмдар, баш кийимге салынган үлгүлөр деп бөлгөн. Көркөм ыгына карай чеберлер оймочу, саймачы, куракчы деп аталган.

**А. Жумабаева,**
**Сулайман-Тоо Улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинин кызматкери.**


# Спортту өнүктүрүү жана жайылтуу зарыл

**Араван райондук балдар-өспүрүмдөр спорт мектеби бүгүнкү күндө жаш муундарды сергек жашоого үндөө жана келечектүү спортчуларды тарбиялоо багытында өз ишин улантып келет. Мында спорттун бир нече түрү боюнча машыгуулар расмий бекитилген программанын негизинде тажрыйбалуу машыктыруучулардын көзөмөлүндө үзгүлтүксүз жүргүзүлүүдө. Мындай системалуу иштердин натыйжасында окуучулар акыркы убактарда бир топ жогорку ийгиликтерге жетишип, облустук жана эл аралык мелдештерде райондун намысын татыктуу коргоп жатышат.**

**Биздин кабарчыбыз жакында райондук балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин директору Жахангир Азаматжанович Каюмовго жолугуп, райондун спорт тармагындагы ийгиликтери, келечеги жана жүрөк өйүткөн көйгөйлөрү тууралуу маектешип кайткан.**

**-Жахангир Азаматжанович, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан дене тарбия жана спортту өнүктүрүүгө олуттуу маани берилип жаткандыгы баарыбызга маалым. Араван районунда абал кандай?**

-Мамлекет башчысынын тапшырмаларынын негизинде райондук мамлекеттик администрациясынын көзөмөлү менен райондогу бир катар айыл өкмөттөрүндө эскилиги жеткен стадиондорду калыбына келтирүү, мүмкүнчүлүгүнө карап кичи футбол аянтчаларын куруу иштери



гилеп айтып коюуну туура таптым. Аларга жакшы маалым, биздин мекеме С.Юсупова айыл өкмөтүнүн карамагында турган борбордук стадиондун бир четиндеги шарты начар эски имараттан орун алган. Аталган айыл өкмөт азыркы учурда эски стадион жайгашкан жайда заманбап спорттук комплексти куруу боюнча долбоорлоо мекемелерине кайрылууларды жиберген. Долбоор аягына чыгып, ал колдоого алынгандан кийин, заманбап спорттук комплекстин курулушу 2027-жылын 2-жарымында башталганы турат.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров Кыргызстандын алдыдагы беш жылдык өнүгүүсүнүн стратегиялык артыкчылыктарын белгилеп, анын ичинде спорт тармагын өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүнө басым жасады. Ошондуктан бул тармактын өнүгүү деңгээли мындан да жогорулайт деген ишенимдебиз.

**- Биздин байкообузда Араванда улуттук спорттун түрлөрүн өнүктүрүүгө жана аны кеңири жайылтууга өзгөчө көңүл бурулуп жатыптыр. Анын**



**жыйынтыгы кандай?**

-Бул багыттагы аракетибиз өз жемишин берди. Жаштарыбыз арасында өткөрүлгөн абройлуу «Манас оюндарынын» алкагында улуттук күрөш боюнча биздин 80 кг салмактагы Элнур Жаңыбаев жана Иманберди Махаматжанов аттуу 2 окуучубуз облустук мелдеште өздөрүнүн жогорку даярдыгын, мыкты чеберчилигин көрсөтүп, республикалык мелдешке жолдомо алууга жетишти. Бул биз үчүн кубанычтуу окуя. Алар алдыдагы республикалык этапта да ийгиликке жетишет деген үмүттөбүз.

Бул жерде машыктыруучу Алишер Мансуров жетектеген футбол секциясынын ийгиликтери тууралуу айта кетүү зарыл. Жаш футболчуларыбыз облустук жана республикалык деңгээлден сырткары, эл аралык деңгээлде да өздөрүн көрсөтүп жатышат. Жакында эле өткөн эл аралык футбол мелдешинде биздин команда өздөрүнүн мыкты даярдыгын жана командалык биримдигин көрсөтүп, байгелүү 3-орунду ба-




гындырып кайтты. Бул эл аралык ийгилик биздин туура багытта баратканыбыздын далили. Ушул айда баскетбол, шахмат оюндарын өткөрүүнү пландаштырып жатабыз.

**- Райондун спортчулары үстүбүздөгү жылы кандай мелдештерге катышкандыгына токтолуп, анын жыйынтыгын айтып өтсөңүз?**

- Биздин райондун спортчулары спорттун Улуттук күрөш, Алыш бел боо күрөшү, Грек-Рим күрөшү, бокс, футбол түрлөрү боюнча облустук жана эл аралык мелдештерде жакшы жыйынтыктарга жетишти. Атап айтканда быйыл 30-31- майында өткөрүлгөн “Мен чемпион” республикалык мелдештин облустук турунда бокс боюнча 6 окуучубуз 1- орунду, 1 окуучубуз 2- орунду, 2 окуучубуз 3- орунду багындырса, 2026- жылдын 6-10-октябрда өткөрүлгөн Грек-Рим күрөшү боюнча эл аралык турнирде биздин спортчуларыбыз М. Шарипов экинчи, Бердибеков 3-орунга жетишсе, Ал эми 15-17-октябрда өткөрүлгөн эл аралык турнирде Бердибеков жана М. Шарипов экөө тең байгелүү 1- орунга жетишишти. Ошондой эле эл аралык турнирде Улуттук күрөш боюнча 70 кг салмакта Э. Жанибеков атуу окуучубуз 2-орунга жетишти.

**- Мындай ийгиликтердин артында машыктыруучулардын чоң аракети турат эмес-**

**пи. Азыркы учурда аларга коюлган талап да жогору. Эл оозуна алынып калган машыктыруучулардын ысмын атай кетсеңиз.**

-Сиз абдан маанилүү маселени козгодуңуз. Чындыгында, бүгүнкү мезгилдин машыктыруучуларга койгон талабы өтө жогору. Азыркы машыктыруучу тек гана спорттун эрежесин үйрөтүүчү эмес, ал ошол эле учурда мыкты психолог, педагог жана заманбап инновациялык машыгуу ыкмаларын өздөштүргөн жогорку деңгээлдеги адис болушу шарт. Себеби, эл аралык аренада атаандаштык күчөгөн сайын, спортчулардын даярдыгына болгон талап да өсүүдө. Биздин балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин негизги таянычы өз кесибин сүйгөн, күнү-түнү талыкпай эмгектенген машыктыруучулар курамы. Алсак, Ураимжонов Акмалжон — өз ишинин такшалган чебери, жаштарга спорттун сырларын терең үйрөтүп келе жаткан тажрыйбалуу адис. Султанов Исамидин — өспүрүмдөрдүн ички потенциалын ачып, аларды чоң жеңиштерге шыктандырган кесипкөй машыктыруучубуз. Тургунали уулу Арнобек — заманбап машыгуу ыкмаларын ийгиликтүү колдонуп, шакирттери жогорку көрсөткүчтөрдү багындырып жаткан таанымал устат. Абдыкалык уулу Сыргак — балдардын дене тарбиясына жана спорттогу тартибине өзгөчө көңүл буруп, татыктуу спортчуларды даярдаган жигердүү педагог. Мансуров Алишер — коомчулукта чоң кадыр-баркка ээ болуп, Аравандын спорттогу атын алыска чыгарууга зор салым кошуп келе жаткан машыктыруучу.

Алардын артында дагы канчалаган жаш өспүрүмдөрдүн тагдыры, ийгиликтери турат. Биз мындай кесипкөй машыктыруучуларыбыз менен ар дайым сыймыктанабыз.

**-Алыстагы айылдарга спорт жетпей, элет жериндеги балдарыбызга толук кандуу көңүл бурулбай жаткандай. Аны чечүү үчүн сиздерде кандай аракеттер жасалып жатат?**

-Бул абдан орундуу жана жүрөктү өйүткөн суроо. Элет жериндеги, алыскы айылдардагы балдарыбыздын спортко болгон табигый талантын жана кызыгуусун колдоо — биздин эң башкы милдеттерибиздин бири. Спорт бир гана райондун борборунда эмес, ар бир айылда, ар бир өрөөндө жеткиликтүү болушу шарт. Биз "чет жакада калган бир дагы бала спортсуз калбашы керек" деген принципти карманабыз.

Бул маселени куру сөз менен эмес, конкреттүү иштер менен чечүү максатында биз маанилүү кадамдарды ташташ жатабыз. Анын мисалы катары Төө-Моюн өрөөнүн айтсак болот. Райондук борбордон алыс жайгашкандыгына карабастан, Төө-Моюн өрөөнүндө спортко суусаган, өзгөчө волейболго кызыккан өспүрүмдөрүбүз абдан көп. Бул муктаждыкты туура түшүнүү менен, Төө-Моюн өрөөнүндө спорттун волейбол түрү боюнча атайын штаттык бирдик ачууну пландап жатабыз. Волейбол секциясы аркылуу биз Төө-Моюн өрөөнүнөн келечекте облустун жана республиканын деңгээлинде Аравандын намысын талаша турган мыкты волейболчуларды тарбиялап чыгарабыз деген максатыбыз бар.

**- Эми чечүүнү талап кылган көйгөйлөргө токтолуп өтсөңүз?**

- Кийинки жылдарда мамлекет тарабынан колдоо чоң болуп, абалыбыз мурдагы мезгилдерге салыштырмалуу жакшы. Бирок, жетишкендиктер менен бирге эле, чечүүнү талап кылган көйгөйлөрдү да ачык айтышыбыз керек. Санай келсек, алар төмөнкүлөр: Спорттун айрым түрлөрү боюнча, өзгөчө улуттук күрөш, бокс, футбол жана волейбол секцияларында заманбап машыгуу шаймандары, атайын килемдер (татами) жана сапаттуу топтор жетишсиз;

Спорт залдардын жетишсиздиги жана кышкы жылытуу маселеси. Район борборунан алыс жайгашкан айылдарда атайын адистештирилген спорт залдары жетишсиз болгондуктан, көпчүлүк учурда мектептердин спорт залдарына көз карандыбыз. Муну менен катар, кышкы мезгилде кээ бир спорт залдарды тийиштүү деңгээлде жылытуу маселеси курч бойдон калууда, бул суук түшкөндө машыгуулардын үзгүлтүккө учурашына алып келе жатат.

Каржылоонун тартыштыгы жана мелдештерге баруу маселеси Биздин окуучулар облустук жана республикалык мелдештерден сырткары, коңшу өлкөлөрдө өтүүчү эл аралык турнирлерге көп чакыруу алышат. Бирок жол кире, жатакана жана тамак-аш чыгымдарын толук каржылоого мектептин бюджети жетпей, көп учурда ата-энелердин же демөөрчүлөрдүн көмөгүнө таянууга туура келет. Бул каржылык маселе таланттуу, бирок шарты жок балдардын чоң мелдештерге катышпай калышына себеп болууда.

Жаш адистерди (машыктыруучуларды) аймакка тартуу. Жогоруда айтылгандай, мезгилдин талабы жогору. Алыскы айылдарга жана жаңы ачылган штаттык бирдиктерге жогорку билимдүү, заманбап методдорду билген жаш машыктыруучуларды тартуу кыйын болууда. Мунун башкы себеби, айлык акынын аздыгы жана аймактарда жаш адистер үчүн социалдык пакеттердин (турак жай ж.б.) жоктугу.

**Материалды уюштурган:**
**Төлөнбай**
**АБДЫРАЗАКОВ.**

# Жаратылыш – тынымсыз аракеттин натыйж

**Жаратылышты коргоо – бир жолку иш-чара же белгилүү бир мезгилдик чакырыктар менен гана чектелип калган иш эмес. Ал үзгүлтүксүз аракетти, илимий изилдөөлөрдү, жапайы жаныбарларды коргоону, мыйзамсыз аракеттерди алдын алууну, экологиялык билим берүү менен коомчулуктун активдүү катышуусун талап кылган жумуш. Бул багытта NABU Кыргызстан уюму өлкө аймагында жаратылышты сактоо, биологиялык ар түрдүүлүктү коргоо жана экологиялык маданиятты жогорулатуу боюнча иштерди улантып келет.**

## Жаратылышты сактоодогу үч айлык

Акыркы үч айда NABU Кыргызстан уюмунун кызматкерлери өлкө жаратылышын коргоо багытындагы ишмердүүлүгүн улантып, бир катар маанилүү жумуштарды жүзөгө ашырды. Атап айтканда, жапайы жаныбарларды жана алардын жашоо чөйрөсүн коргоо, мыйзамсыз аңчылыкты алдын алуу, биологиялык ар түрдүүлүккө мониторинг жүргүзүү жана экологиялык билимди жайылтуу багыттарында тиешелүү мамлекеттик органдардын өкүлдөрү менен биргеликте тынымсыз иш алып барышты.

Мындан тышкары, коомчулуктун жаратылышты коргоого болгон көз карашын, экологиялык көйгөйлөр тууралуу түшүнүгүн жана сунуш-пикирлерин билүү максатында, өлкөнүн бир катар аймактарында экологиялык сурамжылоолорду уюштурушту. Ага жергиликтүү тургундар менен катар экология тармагындагы мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери да катышты.

Ошондой эле фототузактардын жардамы менен жапайы жаныбарлардын табигый чөйрөдөгү жашоо-турмушуна байкоо жүргүзүлүп, алардын түрдүк курамы жана кыймыл-аракети тууралуу маалыматтар топтолду. Бул иштер жаратылышты коргоодо үзгүлтүксүз мониторингдин, илимий маалыматтардын жана коомчулуктун колдоосунун маанилүүлүгүн айгинеледи.




## Уюмдун түштүк бөлүмүнүн иштери

NABU Кыргызстан уюмунун түштүк бөлүмү үч облуста жаратылышты коргоо багытындагы бир катар иштерди аткарып, жалпы 1,5 миңден ашык адамды ар кандай иш-чараларга тартты.

Отчеттук мезгилде жаратылышты коргоо боюнча жүргүзүлгөн үзгүлтүксүз иш-аракеттердин алкагында мыйзамсыз аңчылыкка каршы рейддер уюштурулуп, жапайы жаныбарлардын жашоо чөйрөсүнө жана популяциясына мониторинг жүргүзүлдү. Ошондой эле жергиликтүү калк арасында экологиялык абалды изилдөөгө багытталган сурамжылоолор өткөрүлүп, жаратылышты сактоо боюнча түшүндүрүү иштери күчөтүлдү.

Мындан тышкары, мектеп окуучулары жана студенттер үчүн экологиялык билим берүү иш-чаралары уюштурулуп, жаш муундардын жаратылышка болгон жоопкерчилигин арттырууга көңүл бурулду. Айрым иш-чаралар мамлекеттик мекемелер жана жаратылышты коргоо уюмдары менен биргеликте өткөрүлүп, өз ара кызматташтыкты бекемдөөгө да өбөлгө түздү.

## Мыйзамсыз аракеттерге каршы көзөмөл күчөтүлүүдө

Эми жапайы жаныбарларды жана алардын жашоо чөйрөсүн коргоого багытталган ыкчам рейддерге жана алардын жүрүшүндө аныкталган мыйзам бузууларга токтололу.

Атап айтканда, уюмдун “Барс” тобу отчеттук мезгилде Чүй регионалдык башкармалыгынын өкүлдөрү менен биргеликте Чүй облусунун Суусамыр өрөөнүндөгү Кичи-Суусамыр жайлоосунда рейд жүргүзүштү. Анын жүрүшүндө аңчылык куралын мыйзамсыз алып жүргөн эки жаран аныкталды.

Текшерүү учурунда алардан сайлуу эки аңчылык мылтыгы алынып, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 261-беренесинин негизинде ар бирине 10 миң сомдон, жалпы 20 миң сом айып пул салынды. Алынган куралдар Жайыл райондук ички иштер бөлүмүнө өткөрүлүп берилди.

Мындан тышкары, мыйзамсыз балык уулоо фактысы да аныкталды. Балык кармоочу тор колдонуп жүргөн жаранга 5 500 сом өлчөмүндө айып пул салынды.

Ал эми түштүк бөлүмдүн “Барс-2” тобунун кызматкерлери да мамлекеттик жаратылыш парктарынын жана коруктардын аймактарында көзөмөл иштерин жүргүзүп, мыйзам бузуулардын алдын алууга багытталган иш-чараларга катышты.

Алар КР Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Ош регионалдык башкармалыгынын аңчы адистери жана егерлери менен биргеликте бир катар иштерди алып барышты.



Башкача айтканда, июль айында Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Биринчи-Май айыл аймагындагы Суу-Башы, Ашуу-Айрык, Жүлгүр жана Балык жайлоолору, ошондой эле Кара-Суу районунун Тээке айылындагы Кара-Чукур жана Кырк-Кечүү аймактарында атайын рейддерди өткөрүштү. Анын жүрүшүндө балык уулоо эрежелерин бузган эки жаран аныкталып, аларга мыйзам чегинде айып пулдар салынды.

Ушундай эле рейддер Кара-Суу районунун Жиптик жана Кан жайлоолорунда, Ноокат районунун Чили-Сай, Кезарт, Агарт жана Абшыр-Ата жайлоолорунда, ошондой эле Беш-Конуш аймагында да өткөрүлдү.

Сентябрда Чоң-Алай районунда да жергиликтүү тургундардан түшкөн маалыматтардын негизинде пландан сырткары рейд уюштурулду. Мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери менен биргеликте түзүлгөн рейддик топ Кара-Мык айыл аймагында жана башка бир катар жерлерде текшерүү жүргүзүштү. Ал эми Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунда да алынган маалыматтардын негизинде мыйзамсыз аңчылыкка каршы кошумча иш-чара өткөрүлдү.

Мындай рейддердин максаты – мыйзам бузгандарды аныктоо менен гана чектелбейт, жергиликтүү тургундарды жапайы жаныбарларды жана алардын жашоо чөйрөсүн коргоого үндөө болуп саналат.

## Жапайы жаныбарлардын жашоо чөйрөсүнө мониторинг жүргүзүү

2026-жылдын үчүнчү кварталында NABU Кыргызстан уюмунун «Мониторинг» бөлүмү өлкөнүн бир катар аймактарында жапайы жаныбарлардын абалын, түрдүк курамын жана таралуу аймактарын изилдөө иштерин улантты. Июль-сентябрь айларында Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Талас жана Жалал-Абад облустарын камтыган талаа экспедициялары уюштурулуп, жапайы жаныбарларды фототузактар аркылуу каттоо, визуалдык байкоо жүргүзүү, жергиликтүү тургундар менен маектешүү жана сурамжылоо иштери аткарылды.

Июль айында Ысык-Көл облусундагы Кубакы ашуусуна жана Чүй облусунун Суулуу-Терек аймагына жүргүзүлгөн экспедициянын жүрүшүндө мурда орнотулган 9 фототузак алынды. Анын ичинен 6 аппарат Кубакы ашуусунан, үчөө Суулуу-Терек жайлоосунан чечилди. Топтолгон сүрөт жана видеоматериалдарды алдын ала талдоонун натыйжасында бул аймактарда сүлөөсүн, коён, кызыл суур, бүркүт жана кекилик сыяктуу жаныбарлар катталды.

Август айында Чүй облусунун Чүй жана Кемин райондорунда, анын ичинде «Чоң-Кемин» мамлекеттик жаратылыш паркында мониторинг иштери жүргүзүлдү. Адистер фототузактардын иштөө абалын текшерип, алардын эс тутум карталарын жана батареяларын алмаштырышты. Ошондой эле айрым аппараттар кайра орнотулду. Фототузактарга түшкөн материалдарды кароонун жыйынтыгында илбирс, эчки-теке, кызыл суур, түлкү, суусар, арс, коён, кызыл коён чычкан жана улар сыяктуу жаныбарлар аныкталды. Жалпысынан бул аймакта жапайы жаныбарлардын жана канаттуулардын 9 түрү катталды.

Сентябрь айында изилдөө иштери дагы кеңейтилип, Ысык-Көл, Нарын жана Талас облустарынын 6 районундагы 77 калктуу конушту камтыды. Жергиликтүү тургундар арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун алкагында 1,5 миңге жакын анкета толтурулду. Анкеталар аркылуу жапайы жаныбарлардын кайсы аймактарда кездешери, алардын таралышы жана жергиликтүү экосистемалардын абалы тууралуу маалыматтар чогултулду.

Мындан тышкары, Ысык-Көл облусундагы Түп токой чарбасында мурда орнотулган фототузактар алынып, алардын материалдары иштелип чыкты. Натыйжада бугу-марал, кашкулак, тыйын чычкан жана коён сыяктуу жаныбарлар катталды.

Мониторинг иштери Жалал-Абад облусундагы Сары-Челек биосфералык паркында да жүргүзүлдү. Сентябрь айында аймакка мурда орнотулган фототузактар чечилип, топтолгон сүрөт жана видеоматериалдар алынды. Алардын ичинен эчки-теке, бугу-марал, элик, куран, каман жана аюу сыяктуу жапайы жаныбарлар аныкталды.

Фототузактар жаныбарлардын табигый жашоо чөйрөсүнө кийлигишпестен, алардын кыймыл-аракетин, жүрүм-турумун жана белгилүү бир аймактагы кездешүү өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө мүмкүндүк берет. Алынган материалдар адистер тарабынан талданып, жапайы жаныбарлардын абалына баа берүүдө, алардын популяциясын изилдөөдө жана жашоо чөйрөсүн сактоо боюнча мындан аркы иштерди пландаштырууда пайдаланылат.

## Экологиялык билим берүү – жаратылышты түбөлүккө коргойт

Экологиялык билим берүү иши да үзгүлтүксүз жүргүзүлүүдө. Мисалы: «Ак илбирсти сактоо менен тоолорду, сууну жана келечекти сактайбыз!» деген ураандын алдында Нарын облусундагы «Кара-Кужур» экологиялык билим берүү борборунда «Кара-Кужур – 2026» экологиялык лагери ийгиликтүү өткөрүлдү.




Ага Нарын облусунун Лахол жана Жер-Көчкү айылдарындагы Б. Кыязов жана К. Рысмендиев атындагы орто мектептердин 6–9-класстарынын окуучулары катышты. Бир нече күнгө созулган иш-чаранын жүрүшүндө окуучулар ак илбирстин жашоо өзгөчөлүктөрү, анын Кыргызстандын тоолуу экосистемасындагы орду


# ...касында корголот!

жана бул сейрек кездешүүчү жаныбарды коргоонун мааниси тууралуу кеңири маалымат алышты.

Лагердин программасы интерактивдүү жана тааныш-билүүгө багытталган иш-чараларга бай болду. Катышуучулар «Ак илбирс кандай болот?» аталышындагы презентация менен таанышып, «Ак илбирстин изи менен» аттуу экологиялык квестке катышышты. Ошондой эле жаратылышта талаа сабактары уюштурулуп, балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө багытталган тапшырмалар аткарылды. Атап айтканда, окуучулар жаратылышка байкоо жүргүзүп, эркин темада сүрөт тартып, эссе жазып, жомок айтуу менен алектеништи.

Мындан сырткары, «Илбирс. Мөңгүдө калган издер» мультфильми көрсөтүлүп, «Ак илбирс тууралуу эмне билем?» аттуу интеллектуалдык таймаш өткөрүлдү. «Ак илбирсти сактоо боюнча кеңеш» аттуу ролдук оюнда окуучулар окумуштуу, малчы, корукчу жана жергиликтүү тургундардын образында чыгып, жаныбарды сактоонун жолдорун биргелешип талкуулашты.

Лагердин алкагында окуучулар илбирстин биологиясы, ага жаралган негизги коркунучтар жана



аны коргоо боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу билимдерин терендетишти. Ошондой эле экологиялык аң-сезимди калыптандыруу, жаратылышка аяр мамиле кылуу жана жоопкерчиликти арттыруу маселелерине өзгөчө көңүл бурулду.

Иш-чаранын соңунда бардык катышуучуларга «Ак илбирстин жаш коргоочусу» деген атайын баракчалар жана футболка, шопер, кружка сыяктуу эстелик буюмдар тапшырылды.

Белгилей кетсек, NABU Кыргызстан уюму экологиялык билим берүүнү жаратылышты коргоо иштеринин маанилүү багыттарынын бири катары карайт. Бул багыттагы иштер уюмдун түштүк бөлүмү тарабынан да жүргүзүлүп, мектеп окуучулары жана жергиликтүү тургундар арасында жаратылышты сактоо, биологиялык ар түрдүүлүктү коргоо боюнча түшүндүрүү жана тааныш-билүү иш-чаралары уюштурулуп келет.

## NABU Кыргызстан уюмунун расмий сайты тууралуу

NABU Кыргызстан уюмунун расмий – www.nabu.kg сайты жаңыртылып, жаратылышты коргоо, жапайы жаныбарларды изилдөө жана экологиялык билим берүү багытындагы маалыматтарды камтыган интернет-платформа катары кайрадан иштей баштады. Анда уюмдун ишмердүүлүгү, негизги максаттары, долбоорлору жана Кыргызстандагы жаратылышты коргоо жаатында аткарылып жаткан иштер тууралуу кеңири маалымат берилет.

Сайттан NABU Кыргызстан уюмунун түзүмү, аймактык бөлүмдөрү жана иш багыттары менен таанышууга болот. Уюмдун негизги ишмердүүлүгү жапайы жаратылышты изилдөө жана коргоо, мыйзамсыз аңчылыкка каршы күрөшүү, сейрек кездешүүчү жаныбарларды сактоо, ошондой эле экологиялык билим берүүнү өнүктүрүүгө багытталган. Мындан тышкары, жапайы жаныбарларды реабилитациялоо жана алардын табигый жашоо чөйрөсүн коргоо боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер да чагылдырылат.

Платформада негизинен уюмдун кызматкерлери тарабынан өткөрүлгөн рейддер, илимий изилдөөлөр, экологиялык акциялар, билим берүү иш-чаралары жана эл аралык кызматташтык тууралуу маалыматтар жарыяланып турат. Ошондой эле ишке ашырылып жаткан долбоорлор, фототузактар аркылуу жүргүзүлгөн байкоолор жана жапайы жаныбарлар дүйнөсүндөгү маанилүү жаңылыктар менен таанышууга болот.

Мындан сырткары, сайтта «Сурамжылоо» бөлүмү жайгашкан. Бул баракча аркылуу окурмандар жаратылышты коргоо, айлана-чөйрөнүн абалы жана экологиялык маселелер боюнча өз пикирлерин билдире алышат. Сурамжылоого катышуу коомчулуктун көз карашын билүүгө, калктын экологиялык көйгөйлөргө болгон мамилесин аныктоого жана жаратылышты коргоо багытындагы иштерди жакшыртууга өбөлгө түзөт.

Төмөнкү QR код аркылуу кирип, сурамжылоого сиз дагы катышсаңыз болот.

**Даярдаган: А.Каракозуев**

### Ысабек Аматов:

# «Жаратылышты коргоо – биргелешкен аракетти талап кылган жоопкерчиликтүү иш»

**Жаратылышты коргоо – бүгүнкү күндүн маанилүү маселелеринин бири болуп турат. Бул багытта NABU Кыргызстан уюмунун салымы чоң. Жапайы жаныбарларга мониторинг жүргүзүү, браконьерликке каршы күрөшүү жана калктын экологиялык билимин жогорулатуу жаатында дагы кандай иштер аткарылып жатат жана кандай натыйжалар бар? Ушул жана башка суроолордун тегерегинде аталган уюмдун түштүк бөлүмүнүн жетекчиси Ысабек Аматов менен маек курдук.**



**– NABU Кыргызстан уюмунун түштүк бөлүмү жаратылышты коргоо багытында кандай негизги милдеттерди аткарат? Ишмердүүлүгүңүздөрдүн башкы багыттарына кыскача токтолсоңуз?**

– Биздин уюмдун түштүк бөлүмүнүн негизги максаты – өлкөнүн түштүк аймактарындагы биологиялык ар түрдүүлүктү сактоого, жапайы жаныбарларды жана алардын жашоо чөйрөсүн коргоого салым кошуу болуп саналат. Бул багытта бир нече негизги милдеттерди аткарабыз. Алардын катарына мыйзамсыз аңчылыкка каршы күрөшүү, жапайы жаныбарларга мониторинг жүргүзүү, экологиялык билим берүүнү өнүктүрүү жана жергиликтүү калк арасында жаратылышты коргоо маданиятын калыптандыруу кирет. Ошондой эле мамлекеттик мекемелер, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү жана башка өнөктөштөр менен тыгыз кызматташып келебиз. Биздин ишмердүүлүк жаратылышты бүгүнкү эле эмес, келечек муундар үчүн да сактап калууга багытталган.

**– Акыркы мезгилде түштүк аймактарда жаратылышты коргоо багытында кандай иштер аткарылды? Кайсы жетишкендиктерди өзгөчө белгилейт элеңиз?**

– Акыркы мезгилде өлкөнүн түштүк аймагында бир катар маанилүү иштерди аткардык. Анын ичинде мыйзамсыз аңчылыкка каршы рейддерди уюштуруу, жапайы жаныбарлардын жашоо чөйрөсүн коргоо, экологиялык билим берүү жана жергиликтүү тургундар менен иштешүү багыттарына өзгөчө көңүл бурулду.

Бөлүм ачылган 2023-жылдан берки үч жылдык ишмердүүлүгүбүздүн жыйынтыгын белгилесек, жалпысынан 200гө жакын өткөргөн иш-чараларыбызга, аларга 3 миңден ашуун адам тартылды. Бул көрсөткүчтөр жаратылышты коргоо багытындагы иштердин ар тараптуу жүргүзүлүп жатканын айгинелейт десем болот.

**– Мыйзамсыз аңчылык менен алектенүү жаратылышка олуттуу коркунуч жаратып келгени белгилүү эмеспи. Бул көрүнүштөргө каршы кандай иштер жүргүзүлүүдө? Рейддердин натыйжалары кандай?**

– Мыйзамсыз аңчылыкка каршы күрөшүү – биздин ишмердүүлүктүн негизги багыттарынын бири. Бул багытта биздин бөлүмдүн «Барс-2» ыкчам тобу мамлекеттик органдардын тиешелүү кызматкерлери менен биргеликте үзгүлтүксүз рейддерди өткөрүп келет.

Биздин бөлүм түзүлгөндөн берки үч жыл аралыгында мамлекеттик органдар менен биргеликте мыйзамсыз аңчылыкка каршы көптөгөн рейддик иш-чараларды өткөрдүк. Алардын натыйжасында мыйзам бузуулар аныкталып, айыптуу жарандар административдик жоопкерчиликке тартылды. Жалпысынан салынган айып пулдардын үч жылдагы суммасы миллиондогон сомду түздү.

Бул иштердин натыйжасы акырындык менен байкала баштады десек болот. Мурда мыйзамсыз аңчылыкка чыгып, жапайы жаныбарларга курал көтөргөндөрдүн аракеттерине бөгөт коюу боюнча жүргүзүлгөн көзөмөл жана алдын алуу иштери коомчулукка да таасирин тийгизүүдө. Мындай фактылардын азайышы — жаратылышты коргоо багытындагы биргелешкен аракеттердин маанилүү натыйжаларынын бири деп эсептейм.

Негизи рейддердин башкы максаты – айып пул салуу менен гана чектелбейт. Биз мыйзамсыз аңчылыкты алдын алууга, жапайы жаныбарлардын популяциясын сактоого жоопкерчиликтүү мамиле жасоого жетишүүгө аракет кылабыз. Ошол үчүн калк арасында экологиялык билим берүүгө жана жаратылышты коргоо маданиятын калыптандырууга өзгөчө көңүл буруп, бала бакчанын тарбиялануучусунан тартып, мектеп окуучулары, жаштар жана жергиликтүү тургундарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүп келебиз. Аларга жаратылышка аяр мамиле кылуу ар бир адамдын жоопкерчилиги экенин жеткирүүгө аракет кылабыз.

**– Мониторинг иштери кандай жүргүзүлүп жатат? Кайсы жаныбарлардын түрлөрүнө өзгөчө көңүл бурулууда?**

– Биздин уюмдун негизги иши – илбирсти коргоого багытталган. Ошого байланыштуу аларды натыйжалуу коргоо үчүн илбирстердин жашоо чөйрөсүн, таралышын жана популяциясынын абалын үзгүлтүксүз изилдеп турабыз. Фототузактарды жана башка илимий байкоо ыкмаларын колдонуп, ар кайсы аймактарда мониторинг жүргүзүп келебиз.




Мисалы, түштүк бөлүм тууралуу айтсам, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын бир катар тоолуу аймактарында фототузактардын жардамы менен илбирс, сүлөөсүн, аюу, тоо эчки-текелери, марал, элик, куран, каман сыяктуу көптөгөн жапайы жаныбарлардын сүрөттөрүн топтодук.

Негизи фототузактар жапайы жаныбарларды изилдөө менен гана чектелбестен, мыйзамсыз аңчылыкка каршы күрөшүүдө да чоң мааниге ээ. Алардын жардамы менен жаныбарлардын жашоо чөйрөсүндө адамдардын уруксатсыз жүргөнүн, аңчылыкка байланыштуу шектүү аракеттерди аныктоого жана каттоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бул маалыматтар мыйзам бузууларды алдын алууда жана зарыл учурларда тиешелүү мамлекеттик органдар менен биргеликте чара көрүүдө маанилүү далил боло алат.

**– Жаратылышты коргоо иштеринде мамлекеттик мекемелер, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү жана жергиликтүү тургундар менен кызматташуу кандай натыйжаларды берип жатат?**

– Жаратылышты коргоодо бардык тараптардын биргелешкен аракети зарыл. Биз мамлекеттик органдардын тиешелүү түзүмдөрү, жаратылыш парктарынын жана коруктардын кызматкерлери, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү менен тыгыз кызматташып келебиз. Мыйзамсыз аңчылыкка каршы рейддер сөзсүз түрдө мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери менен биргеликте өткөрүлөт.

Ал эми жергиликтүү тургундардын колдоосу жана түшүнүүсү биз үчүн абдан маанилүү. Анткени жапайы жаныбарлардын жашоо чөйрөсүнө жакын жашаган адамдар жаратылыштагы өзгөрүүлөрдү башкаларга караганда жакшыраак байкайт эмеспи. Ошондуктан алардын жаратылышты коргоо иштерине активдүү катышуусу жалпы аракеттердин натыйжалуулугун арттырат деп билебиз.

**Маектешкен: А.Каракозуев.**

# КАРА-ШОРОДО ЖОЛ, БОЛЬШЕВИКТЕ СПОРТ АЯНТЫ КУРУЛДУ

**Өзгөн районундагы Кара-Шоро айыл аймагы – биримдикти бекемдеп, өнүгүүгө карай багыт алган аймактардын бири. Ал 2024-жылы Ак-Жар жана Көлдүк айыл аймактарынын биригүүсүнүн негизинде түзүлгөн. Бүгүнкү күндө Ак-Жар, Какыр, Семиз-Көл, Большевик, Шамал-Терек жана Чалк-Өйдө айылдарын камтыган аймакта жергиликтүү инфраструктураны ирээтке келтирүү, калктын жашоо шартын жакшыртуу багытында алгылыктуу иштер жүргүзүлүүдө. Айыл өкмөтүнүн башчысы Сатыбалдиев Равшанбек Раимбековичтин жетекчилигинде ички жолдорду оңдоо жана жаңылоо, спорт аянтын куруу ишке ашууда. Жакында Семиз-Көл айылында долбоордун алкагында таза суу системасы пайдаланууга берилди. Алыскы Чалк-Өйдө айылында үй шартындагы бала бакча ачылды.**





## Каримберди Кадыралиев атындагы көчөгө жаңы жол салынды

Кара-Шоро айыл аймагында Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу Каримберди Кадыралиевдин ысымын алып жүргөн көчөнүн ички жолунун курулушу аяктап, пайдаланууга берилди.

Узундугу 1 чакырымды түзгөн жаңы жолдун ачылыш аземине Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев, Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким Каныбек Апбасов, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү жана айыл тургундары катышышты.

Иш-чаранын жүрүшүндө жол инфраструктурасын жакшыртуу айыл элинин жашоо шартын көтөрүүгө, калк үчүн коопсуз жана ыңгайлуу каттамды камсыз кылууга багытталгандыгы белгиленди. Жаңы жолдун пайдаланууга берилиши жергиликтүү тургундар үчүн маанилүү окуя болуп, айылдын инфраструктурасын өнүктүрүүгө кошулган дагы бир чоң салым болду.

Жол курулушунун жалпы наркы 6 миллион 299 миң 963 сомду түздү. Анын ичинен 5 миллион 199 миң 963 сом Өнүктүрүү фондунан, 1 миллион сом жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп, 100 миң сом элдик салымдын эсебинен каржыланды.

Элдин жашоо сапатын жакшыртууга багытталган мындай иштер айыл-кыштактардын өнүгүшүнө өбөлгө түзүп, калктын күнүмдүк турмушун жүргүзүүсүнө ыңгайлуулук жаратат.

## Зергербай Ибраимов атындагы кичи футбол аянты курулды

Ал эми аталган айыл өкмөттүн Большевик айылында Зергербай Ибраимов атындагы кичи футбол аянтчасынын курулушу бүтүп, пайдаланууга берилди. Маалыматка ылайык, курулуштун жалпы наркы 13 млн 979 миң 418 сомду түзгөн, каражат Ош облустук өнүктүрүү фондунан, жергиликтүү бюджеттен жана жергиликтүү жамааттын салымынан чогултулган.

"Айылыбызда кичи футбол аянтчасынын курулуп, пайдаланууга берилиши — айыл жаштары жана бүтүндөй жергиликтүү жамаат үчүн кубанычтуу жана маанилүү. Жаштардын ден соолугун чыңдоого, спортту жайылтууга кылгандай, ушундай аянтчалардан Кыргызстандын атын дүйнөгө таанытkан белгилүү спортчулар чыгат деген үмүттөбүз. Бул демилгени ишке ашырууга себепкер болгон, салым кошкон бардык инсандарга жана жергиликтүү тургундарга терең ыраазычылык билдиребиз. Жаңы футбол талаасы айыл элине кут кылсын, ак жолтой болсун!", -дейт Артур Ибраимов.

Иш-чарада спортту өнүктүрүү, жаштардын ден соолугун чыңдоо жана сергек жашоо образын жа-





жана бош убактысын туура пайдалануга, сергек жашоого чоң шарт түзүлөт. Аянтчага айылдын өнүгүшүнө салым кошкон эмгек ардагери Зергербай Ибраимовдун ысымынын ыйгарылышы жана анын эмгегинин эскерилиши улуу муундун өрнөктүү өмүрү жаштар үчүн мурас болуп калат.

Жергиликтүү тургундар тилек йылтуу маанилүү багыттардын бири экендиги белгиленди. Айылдын өнүгүшүнө салым кошкон эмгек ардагери Зергербай Ибраимовдун айылга сиңирген эмгеги тууралуу сөз болду. Жергиликтүү тургундар жаңы спорттук жайдын курулушуна салым кошкон тараптарга ыраазычылык билдиришти.

**А.МАТИЕВА.**

**Спорт – сергек жашоонун башаты**

# ШАРКЫРАТМАДА СПОРТ КОМПЛЕКСИ АЧЫЛДЫ

**Кара-Кулжа районундагы Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн Шаркыратма айылында жайгашкан Ж. Айтбаев атындагы толук эмес орто мектептин алдында жаңы спорт комплекс курулуп, пайдаланууга берилди. Анын ачылышына Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев баш болгон жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү жана айыл тургундары катышышты.**

Иш-чарада облус башчысы, жаштардын дене тарбия жана спорт менен машыгуусу үчүн зарыл шарттарды түзүү мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыттарынын бири экендигин белгиледи. Маалыматка ылайык, спорт комплексинин курулушуна жалпы 16 миллион 758 миң 316 сом каражат жумшалган. Бул каражаттын эсебинен айыл эли үчүн спорттук жай курулуп, жаш муундардын дене тарбия жана спорт менен үзгүлтүксүз машыгуусуна шарт түзүлдү.

Чындыгында, спорт – ден соолуктун булагы эле эмес, жаштарды тартипке, ынтымакка, жоопкерчиликке жана жеңишке умтулууга тарбиялайт.




Айыл жергесинде спорттук инфраструктуранын өнүгүшү балдардын талантын ачууга, келечектеги спорт чемпиондорун тарбиялоого жана жаштардын бош убактысын пайдалуу өткөрүүсүнө чоң салым кошот.

"Шаркыратма айылында жаңы спорт комплекстин пайдаланууга берилиши – айылдын социалдык инфраструктурасын жакшыртууга багытталган алгылыктуу иштердин бири болуп калды. Эми мектеп окуучулары менен айыл жаштары үчүн спорттун түрлөрү боюнча машыгып, өздөрүнүн дене тарбиялык даярдыгын жогорулатууга жана спорттук жетишкендиктерге жетишүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү"- дейт айыл өкмөттүн башчысы Рахманберди уулу Шайырбек.

**А.САПАРБАЕВА.**

## Сынак

А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети төмөнкү кызмат орундарына сынак жарыялайт.

| № | Кызмат орундун аталышы | Кызмат орундун саны |
|---|---|---|
| 1. | Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын улук окутуучусу | 1 |
| 2. | Информатика жана жаңы маалыматтар технологиясы кафедрасынын улук окутуучусу | 1 |
| 3. | Музыкалык билим берүү жана аны окутуунун усулу кафедрасынын улук окутуучусу | 1 |
| 4. | Биология, химия жана жаратылышты пайдалануу кафедрасынын улук окутуучусу | 1 |
| 5. | Табигый илимдер кафедрасынын улук окутуучусу | 1 |
| 6. | Дене тарбия жана спорт кафедрасынын улук окутуучусу | 1 |
| 7. | Орус тили жана адабияты кафедрасынын улук окутуучусу | 1 |
| 8. | Дене маданиятынын назарияты жана усулдук негиздери кафедрасынын башчысы | 1 |
| 9. | Жогорку математика жана математиканы окутуунун усулу кафедрасынын башчысы | 1 |
| 10. | Табигый илимдер кафедрасынын башчысы | 1 |
| 11. | Педагогика жана психология кафедрасынын башчысы | 1 |

Кафедра башчысы кызмат орду үчүн талап кылынуучу документтер:

1) Ректордун наамына жазылган арыз.
2) Адистерди каттоо боюнча толтурулган өздүк баракча (сүрөтү менен).
3) Резюме.
4) Мурдагы иштеген жеринен мүнөздөмө-жолдомо.
5) Жарык көргөн илимий эмгектердин жана ойлоп табуулардын, окуу-методикалык куралдардын тизмеси.
6) Нотариус аркылуу же иштеген жеринде кадрдык кызматы тарабынан күбөлөндүрүлгөн билими, окумуштуулук даражасы, окумуштуулук наамы тууралуу дипломдорунун жана квалификациясын жогорулатуу жөнүндөгү күбөлүктөрүнүн, сыйлыктарынын, эмгек китепчесинин көчүрмөлөрү.

Кафедранын улук окутуучусу кызматы үчүн талап кылынуучу документтер:

1) Ректордун наамына жазылган арыз
2) Резюме
3) Адистерди каттоо боюнча толтурулган өздүк баракча (сүрөтү менен)
4) Билими, окумуштуулук наамы жана илимий даражасы жөнүндөгү дипломдордун көчүрмөсү
5) Жарык көргөн илимий эмгектердин жана ойлоп табуулардын, ошондой эле окуу-методикалык куралдардын тизмеси
6) Жарык көргөн илимий, усулдук эмгектердин көчүрмөсү
7) Кафедранын отурумунун протоколунан көчүрмө
8) Факультеттин кеңешинин протоколунан көчүрмө
9) Эмгек китепчесинен көчүрмө.

Конкурска арыз берүү мөөнөтү жарыя чыккан күндөн баштап 1 (бир) ай.

Байланыш үчүн телефон: 0777 74 79 50.

## Жараксыз деп табылсын

“Баш-Булак Транс” ЖЧКга (ИНН: 02101202510282) таандык: ККУ 3 тараптуу – № 40957 жүк ташуу боюнча берилген уруксат кагазы (дозвол) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### ххх

"Трансордо" ЖЧКга (ИНН: 01510199410012) таандык: ККУ 3

тараптуу - №1612, №11312 ,№12485, №45002, №1416, №49829, Туркмонстан 2 тараптуу

№344835 жүк ташуу боюнча берилген уруксат кагазы

(дозвол) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### ххх

Таяков Темур Ербековичке таандык Ош мамлекеттик педагогикалык институтун 1992 -жылы музыка адистиги боюнча бүтүргөндүгү тууралуу берилген ТВ-1 №142144 сандуу 1991 -жылдын 26 -июнунда алган каттоо № 351 болгон диплому эки барак тиркемеси менен жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### ххх

ОшМУ тарабынан Абдурахмонова Гульмира Абдумуталиповна берилген CD № 110019487 каттоо № 4412 болгон дипломунүн туп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### ххх

№30 Кызыл-Сарай мектеби тарабынан 2007-жылы Жуманазарова Нургул Турдуевнага 9-классты бүткөндүгү тууралуу берилген СП № 070049411 сандуу жалпы билим берүү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

## Считать недействительным

В связи с утерей бланки для разрешения грузоперевозок ОсОО «Кемран-Транс”

Азербайджан тр 2216466

Азербайджан 3строн 6044507

Грузия тр 227373....

## Торг

ЗАО «Кыргызская инкассация» проведет открытый аукцион по продаже служебного автомобиля. Торги состоятся 3 декабря 2026 года в 10-00 ч в г. Ош. На аукцион выставлен автомобиль марки ГАЗ -2752 «Соболь» 2019г выпуска. Для участия в торгах необходимо внести гарантийный взнос в размере 10% от начальной цены. Заявки принимаются до 01 декабря 2026 года до 17-00 час при наличии подтверждения оплаты. Осмотр автомобиля доступен в рамках открытых дверей с 12 ноября 2026 года по 01 декабря 2026г по адресу: г.Ош ул. Суйумбаева -15/2. Торги пройдут по адресу: г.Ош ул. Суйумбаева -15/2. Оплата возможна только безналичным способом. По всем организационным вопросам можно обратиться к координатору аукциона по телефону: в г. Ош 0773 (0553) 27-80-17, 03222 -5-03-19 или эл. почте osh@rui.kg

## ТОРГ

Юридическая компания «Люкс Консалт» выражает свое уважение и приносит опубликовать объявление, следующего содержания:

«ОсОО «Люкс Консалт» объявляет о проведении публичных торгов в форме открытого аукциона, которые состоятся "16" декабря 2026 года в 12:00 ч. по адресу: Ошская обл., Кара-Суйский р-н, а/а Датка, с. Ташлак, ул. А. Насирдинова 9, дом №58м.

На торги выставляется заложенное имущество:

ЛОТ №1 Земельный участок мерою – 500,0 кв.м., ИК: 5-04-17-1002-7618, находящийся по адресу: Ошская обл., Кара-Суйский р-н, а/а Датка, с. Ташлак, ул. А. Насирдинова 9, дом №58м, принадлежащий Алайчиевой Чынаркан Жумабаевне на праве частной собственности согласно: Постановление №29 от 04.04.2024 года, зарегистрированный в Кара-Суйским районами СЗР за №504-2024-29231 от 18.04.2024 года, Государственный акт о праве частной собственности на земельный участок серии ЧN№1286769 от 18.04.2024 года

Стартовая цена заложенного имущества составляет: 2 257 000 (Два миллиона двести пятьдесят семь тысяч) сом.

Для участия в публичных торгах необходимо внести гарантийный взнос – 1 % от стартовой стоимости – на р/с 1110002000041858 БИК 111006 ЗАО «Банк Азии» до начала проведения публичных торгов. Имущество реализуется в сомах.

Выигравшим публичные торги на открытом аукционе признается лицо, предложившее наиболее высокую цену за продаваемое имущество. Покупная цена подлежит внесению в течение пяти банковских дней за вычетом суммы, внесенного гарантийного взноса после проведения торгов.

Сведения об Организаторе торгов:

ОсОО "Люкс Консалт", адрес: г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова, д. 14, кв. 41, тел. 0 (312) 56 88 25, 0 (772) 30 30 32, р/с в сомах 1110002000041858, БИК 111006 ЗАО "Банк Азии", код ОКПО 29403204, ИНН 01603201610167»

## ОБЪЯВЛЕНИЕ

ОАО “АБанк” выставляет на продажу жилой дом, расположенный по адресу : город Ош, ул.Молдо-Нияз 56. Дом состоит из двух этажей. Первый этаж капитальное строительство, а второй легкая конструкция. В доме имеется гараж, летняя кухня, баня, приусадебный участок для огорода и различные хозпостройки. Дом подключен к центральной канализации, имеется газ и холодная вода, а также имеется возможность подключения к центральному отоплению. Площадь земельного участка вместе со строениями составляет 5,6 соток. Дом расположен в центральной части города(Фрунзенский район). Дом находится недалеко от школ имени Ага-Хана и Ломоносова. Отличная локация. Есть возможность использовать под хостел и заселить несколько квартирантов(семейных и без). Хороший вариант под гостиничный бизнес.(Ориентир спец. гараж) Цена дома по оценке независимых оценщиков составляет 16 559 000(шестьнадцать миллионов пятьсот пятьдесят девять тысяч) сомов. Тел.0709566474, 0700801873,0550854385.

## ЖАРЫЯ

“АБанк” ААКу Ош шаарындагы, Молдо-Нияз көчөсү, 56 дарегинде жайгашкан турак үйдү сатууга коет. Үй эки кабаттан турат. Биринчи кабаты капиталдык курулуш, ал эми экинчиси жеңил конструкция менен салынган. Үйдө гараж, жайкы ашкана, мончо, огород үчүн үй жана дагы жер тилкеси жана ар кандай чарбалык курулуштар бар. Үй борбордук канализацияга туташтырылган, газ жана муздак суу бар, ошондой эле борбордук жылытуу тутумуна туташуу мүмкүнчүлүгү каралган. Имараттары менен бирге жер тилкесинин аянты 5,6 сотыхты түзөт. Үй шаардын борбордук бөлүгүндө жайгашкан(Фрунзенский район). Ага-Хан жана Ломоносов атындагы мектептерине жакын жайгашкан. Абдан жакшы локация. Хостел катары колдонуп, бир нече батир алуучуларды (үй-бүлөөлүү же бойдокторду) киргизүүгө мүмкүнчүлүк бар. Мейманкана бизнеси үчүн да жакшы вариант(Ориентир: Спец. гараж). Көз карандысыз баалоочулардын берген баасы боюнча үйдүн баасы 16 559 000(он алты миллион беш жүз элүү тогуз миң) сомду түзөт. Байланыш үчүн тел. 0709566474, 0700801873, 0550854385.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясый гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан Кыдыралиева

**Нөөмөтчү:**
*А. Матиева*

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
**Катталуу күбөлүгү**
213623-3310-У-е
**Жазылуу индекси:**
68420

**Реквизиттер:**
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

**Дареги:**
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: **7–13–34,** Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

**Гезиттеги спорттук материалдар КР Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин медиа чөйрөдөгү мамлекеттик социалдык заказынын алкагында даярдалды**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г. Көлөмү А3 - 2 басма табак.
Тел: 0 (312) 53-00-00.

**Буюртма №:1268 Нускасы: 2200**

# Ден соолукту чыңдоо саламаттыкка өбөлгө

**Ноокат районунун ҮБМБда (үй-бүлөлүк медицина борборунда) ДЧК (ден соолукту чыңдоо каанасынын) адистери үчүн атайын каана ажыратылып берилген. Керектүү эмеректер менен жабдылган, адистер үчүн компьютерлер жетиштүү жана ар бир адис планшет менен камсыздалган. Ден соолукту чыңдоо каанасында бүгүнкү күндө 6 адис иштейт.**

**Баштапкы медициналык-санитардык жардам (БМСЖ) деңгээлинде калк арасында ден соолукту чыңдоо боюнча алдын алуу программаларынын натыйжалуулугун жогорулатууга, жергиликтүү коомчулукту активдештирүүгө жана тартууга багытталган иштер жыл сайын Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин буйругунун негизинде жүргүзүлөт.**



Ошондой эле КР ССМнин 2025-жылдын 29-январындагы №76 “Аккорддук күндөрдү уюштуруу жана өткөрүү боюнча жобону бекитүү” жөнүндөгү буйругунун негизинде иш алып барылат.

ДЧК (ден соолукту чыңдоо каанасынын) адистери КР Саламаттык сактоо министрлигинин мыйзамдарынын, буйруктарынын жана эрежелеринин негизинде иш алып барышат. Саламаттык сактоо кызматы менен бирдикте, түзүлгөн ишпландын негизинде ҮМБ (үй-бүлөлүк медицина борборуна) караштуу бардык айылдарга чыгышып, ден-соолукту чыңдоо боюнча окуу-семинарларын уюштурушат.







Ден соолукту чыңдоо каанасынын адистери – бул калктын арасында ден соолукту сактоо жана жакшыртуучу, жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуучу, калк арасында туура тамактануу, физикалык активдүүлүк, тамеки жана спирттик ичимдиктерден баш тартуу, стресске каршы турууну алдын алууну уюштурушат.

Андан сырткары, кош бойлуулар менен, кооптуу белгилер, улгайган адамдар менен да өзүнчө темаларда маалымат берүү, маалымат баракчаларын таркатууну жүргүзүшөт.

Азыркы мезгилде жогорку коркунучтагы оорулардын (жүрөк кан тамыр оорулары (инсульт, инфаркт ж.б.), кант диабети, онкологиялык оорулар жана өпкөнүн өнөкөт бүтөлмө оорулары көп таркаган. Бул оорулар адамдан адамга жукпаганы менен тобокел факторлору жогору. Ошондуктан ЖЭО (жугуштуу эмес оорулардын) алдын алуу боюнча да басымдуу иш алып барылып жатат.



Ошондой эле маалыматтыкагартуу иштери, коомдук иш-чараларды уюштуруу, плакаттарды даярдоо жана таратуу, радио, телеберүүлөргө, социалдык медиаларга материалдар чыгаруу жолго коюлган.

Мектеп окуучуларынын оорулар боюнча маалымдуулугун жогорулатуу үчүн баяндама же диктант жаздыруу, спорттук иш-чаралар, жөө жүрүштөр, марафондор, ачык эшик күндөрү, акцияларды уюштуруу, максаттуу топтор менен ден соолук программалары боюнча жолугушууларды өткөрүү, мектептер жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде иш алып баруу каралган.

Дагы айта кетчү нерсе, мектептер менен тыгыз байланышта болуу үчүн райондубуздун бардык мектептеринин соцпедагогдору окутулуп, ден соолук комитеттери түзүлүп ден соолук үчүн арналган бурчтар уюштурулган.

ДЧК адистери тарабынан профилактикага (алдын алууга) багытталган кеңештер берилет. Кээде медициналык кызматкерлер (дарыгерлер, медайымдар) менен биргеликте кеңеш берүү уюштурулат.

Жогоруда көрсөтүлгөн бардык иш-чаралар Ноокат ҮМБ ДЧКнын адистери тарабынан колго алынган КР ССМнин буйругунун негизинде ДЧКнын адистери өздөрүнө бекитилген айылдарга ҮМБ каржылоосу менен квартал сайын ооруларды алдын алуу максатында 77 айылга барууларды уюштурушат.

Бүгүнкү күндө Ноокат районунун айылдарында 77 АДК (айылдык ден соолук комитети) жана 30 мекеме-ишканаларда КДК (коомдук ден соолук комитети) түзүлүп, биргеликте иш алып барышат. Аларга ДЧК адистери тарабынан ар кандай жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулар боюнча маалыматтар жеткирилип, постерлер, маалымат баракчалары, брошюралар, эскертмелер жана башка материалдар таратылып турулат.

Жылына февраль айында эркектердин ден соолугуна кам көрүү максатында “Жооптуу бол” акциясы, октябрь айында аялдардын ден соолугуна кам көрүү максатында “Жатын моюнчасынын рагын”, “Көкүрөк безинин рагынын алдын алуу” үчүн жана “Кургак учук”, “Эне баланы коргоо”, “Гипертония ооруларынын алдын алуу”, “АИВ/ЖИКСтин алдын алуу” боюнча акциялар уюштурулуп, өткөрүүгө активдүү катышып келишет.

Райондук мамлекеттик администрациясы, ҮМБ медкызматкерлери, АДК (айылдык ден-соолук комитеттери), КДК (коомдук ден соолук комитети) жана бейөкмөт уюмдар менен биргеликте аккорддук күндөрдө атайын семинарлар, тегерек столдор, ачык эшиктер, акциялар жана жөө жүрүштөр жана спорттук иш-чаралар уюштурулуп турат.

Бүгүнкү күндө Ноокат ҮМБнын ДЧК каанасында бир жогорку категориядагы, эки биринчи категориядагы жогорку билимдүү адистер жана 3 атайын орто билимдүү медициналык кызматкерлер эмгектенет.

**Алтынай Мирзалиева,**
**Ноокат райондук ҮБМБнын оорулардын алдын алуу боюнча дарыгери.**

